Бишкек шаарынын Ленин районуна караштуу №90 толук эмес орто мектеби



# САБАКТЫН ИШТЕЛМЕСИ

ПРЕДМЕТИ: Мекен таануу

ТЕМАСЫ: АК ИЛБИРС

КЛАСС : 2-в класс

БАШТАЛГЫЧ КЛАСС МУГАЛИМИ: Осмоналиева Назира Иманназиевна



Бишкек 2022

Бекитемин директор: [signature] 26.04.2022.

Ачык сабак

**Предмети : Мекен таануу**

**Предмет аралык байланыш:** адабий окуу, математика, көркөм өнөр ,дене тарбия,адеп

**Сабактын темасы : Ак илбирс**

**Сабактын окутуу максаттары:**

**а) билим берүүчүлүк :**

Ак илбирс жөнүндө жаңы маалымат алышат. Бишкек шаарынын символу болгон "АК илбирс" жана анын жашоо –тиричилиги менен таанышышат. Табиятта "Кызыл китепке" кирген жаныбарларды коргоо ыкмалары жана алардын мүнөздүү жашоо өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүктөрүн бышыктап,кайталашат.

**б)өнүктүрүүчүлүк:**

Окуучулар маалыматты кабыл алуу көндүмдөрүн(оозеки) калыптандыра алышат. Кабыл алынган маалыматты сүйлөө кебинде колдоно алышат. Өз оюн далилдүү айта билүүгө машыгышат. Сынчыл ой жүгүртө алышат.Алган билимин практикада колдоно алышат.Жеке текст даярдап аны жактоо көндүмдөрүн арттырышат.

**в) тарбия берүүчүлүк:**

Жаратылышты сактоонун маанилүүлүгүн түшүнүп, жаратылышка аяр мамиле жасоого жана жаныбарларды коргоого тарбияланышат. Тайпаларда бири-бирин уга билгенге, сыйлоого, ынтымакта иштөөгө тарбияланышат.

**Сабактын тиби: :** жаңы билимдерди калыптандыруу

**Сабактын ыкмасы:** интерактивдүү

**Керектүү материалдар** : окуу куралдары, билим берүүчү видеоматериал (окуучулардын жашына жана тилдик деңгээлине ылайык), слайдтар , түстүү сүрөттөр, тапшырмалары бар карточкалар.

**Негизги компетенттүүлүктөр:**

**Маалыматтык:**

Жаңы маалымат алышат. Адам менен курчап турган чөйрөнүн ортосундагы байланышты түшүнүшөт. Алган билимдери боюнча тыянак чыгара алышат.Курчап турган чөйрө боюнча сунуштарды киргизе алышат.Жоопкерчиликти сезе алышат.(НК1)

**Социалдык- коммуникативдик:**

Жаратылышты баалоо, урматтоо , аяр мамиле жасоо, жаныбарларды коргоо боюнча жоопкерчиликти сезе билүү.(НК2)

**Өзүн-өзү уюштуруу жана маселелерди чечүү:** -

Интернет булактарынан , китептерден маалымат издөө , текст табуу жана окуу . Өзүнө-өзү ишеничтүү боло алат.(НК3)

**Предметтик компетенттүүлүктөр:**

1.Таанып билүү жана суроолорду коюу.(ПК1)

2. Табияттагы кубулуштарды түшүндүрүү(ПК2)

3. Илимий тыянактарды колдонуу (ПК3)

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Кыргызстандын "Кызыл китебине" кирген сейрек кездешүүчү айрым жаныбарлар жөнүндө өзүнүн тексттин түшүнүп айтып бере алса жана ак илбирс жөнүндө жаңы маалыматты түшүнүп кабыл алып, өздөрү жаратылышты, жаныбарларды коргоо боюнча тыянак чыгара алышса.

| № | Сабактын баскычтары | Мугалимдин ишмердиги | Окуучунун ишмердиги | Компет.-р НК | Компет.-р ПК | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Слайд №1 Саламдашуу**<br><br>**Слайд №2 Жагымдуу маанай**<br>(1м.)<br><br>**Слайд №3 Уюштуруу**<br>(2 м.) | Саламдашуу.<br><br>Мугалим окуучуларды сабакка даярдап жагымдуу маанай түзөт.<br>Жагымдуу маанай<br>Жазгы күндөй жаркырап,<br>Биз көңүлдүү,биз куунак!<br>Биздин максат ,биздин иш,<br>Ырыс алды-ынтымак!<br>Алтын эрежеге кайрылуу.<br>Тайпаларды уюштуруу.<br>Үч тайпага жаныбарлардын балдарынын аталыштары аркылуу бөлүп алуу:<br>1-тайпа Ак илбирс(быйтыкчасы : ак илбирстин баласы )<br>2-тайпа Мамалак(быйтыкчасы: мамалак)<br>3-тайпа Чөндөлөй (быйтыкчасы суурдун баласы чөндөлөй)<br>Баалоону түшүндүрүп берет. | Саламдашышат.<br><br>Окуучулар ырды эмоция менен жаңырык айтып аткарышат.<br><br>Кунт коюп угушат.<br>Топторго окуучулар жаккан жаныбарлардын сүрөттөрүн тандап алуу менен бөлүнүшөт. | НК1<br>НК3 | | Азамат-тар! |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Мугалимдин сөзу: Балдар ,Кан-Ачуу деген корук бар. Өткөн сабакта ал корук жөнүндө түшүнүк алгансыңар. Ошол жердеги бийик аскалуу зоодон илбирстин баласы, боорундагы токойдон аюунун мамалагы, этегиндеги талаадан суурдун баласы чөндөлөй чогуу ойногонго чыгышат. Алар оюнга алаксып кетишип,жолдон адашып калышат.Эми силер бул кичинекейлерди өз энелерине жеткиришиңер керек. Аларды энелери кутуп жатышат.Силер бүгүнку сабактагы тапшырмаларды туура аткарып гана аларды корукка киргизе аласыңар. Бул жаныбарлардын балдары силерден жардам сурап жатышат.<br>Аларга жардам бересиңерби? Макулсуңарбы? Жаныбарларды коруктарга киргизүү керек. Колдоруңардагы карточкалар- бул силердин баалоо быйтыкчаңар болот. | Кунт коюп угушат.<br><br>Жооп беришет. | НК1<br>НК2 | | |
| 2 | **Слайд №4**<br>**1-кадам:**<br>**Сабакка чакыруу**<br><br>(2м.) | Өткөн сабакты бышыктоо<br>1.Зоологиялык музейде болгонбуз.Азыр силерге менден "Кутүлбөгөн кубаныч".<br>"Музейден бир көрүнүш көргөзмөсү "<br>Өзүңөрдү көрдүңөрбү? | Көргөзмөнү көрүшөт.<br><br>Жооп . | НК1 | ПК1<br>ПК3 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | **2-кадам:**<br>**Үй иши**<br>(1м.) | Балдар өткөн сабактарда силер Кыргызстандын "Кызыл китебине "кирген жана коргоого алынган сейрек кездешкен айрым жаныбарлар жана өсүмдүктөр жөнүндө маалымат алгансыңар. Өзүбүздүн "Кызыл китебибизди ", тактап айтканда 2-в класстын китебин түзүп алганбыз . Силер коруктар жөнүндө да билесиңер.<br>Үйгө ата-энеңердин жардамы менен изденип Коргоого алынган жаныбарлар жөнүндө тексттерди таап, окуп келип айтып берүү , баяндама даярдап келүү берилген.Текст менен иштөөнүн ыкмасын силер билесиңер.<br><br>Даярсыңарбы ,балдар? | Кунт коюп угушат.<br><br>Жооп беришет. | НК1<br>НК2<br>НК3 | ПК1<br>ПК2<br>ПК3 | Азамат-тар! |
| 4 | **3-кадам**<br>**Окуучулар презентация жасашат**<br><br>(10 м.)<br><br>**Слайд №5** | Айрым окуучуларга өз алдынча иштөөгө тапшырма берилген.<br><br>Мугалим интерактивдүү доскага слайд даярдаган. | Даярданып келген окуучулар "Кызыл китепке" кирген айрым , сейрек кездешүүчү жаныбарлар жөнүндө айтып беришет<br><br>Окуучулар интерактивдүү доскада иштешет. | НК1<br>НК2<br>НК3 | ПК1<br>ПК2<br>ПК3 | Ыраазы-чылык билди-рүү<br><br>Мактоо.<br><br>Быйтык-ча берүү. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | **4-кадам Үй ишин жыйынтык-тоо** | Мугалимдин сөзү:<br>Демек табиятта "Кызыл китепке"кирген сейрек жана жоголуп бара жаткан жаныбарлардын терисине, мүйүзүнө кызыгып аңчылык кылуусу бир себеби,экинчиси адамдар тарабынан алар жашаган аймактарды(жерлерди) өздөштүрүп жаткандыктан алардын саны азайып жоголууда.<br>Коруктардагы айбанаттар, кемибей,аларга камкордук көрүү керек экендигин эсиңерден чыгарбагыла! | -Макул. | | | |
| 6 | **5-кадам: Лексикалык ишти жүргүзүү (2м.) Слайд № 6** | Сөз куржуну:<br>"Кызыл китеп",<br>"Корук"<br>"Браконьер "деген сөздөрдүн маанисин кайталоо. Ушул сөздөрдү өз кебинде колдонуу. | Ар бир тайпанын топ башчысы суроолорго жооп берет<br>Кыскача түшүнүгүн ,өз оюн айтып жооп берет | | | Мактоо Азамат!<br><br>Быйтык-ча берүү |
| 7 | **6-кадам Жаңы сабакка киришүү** (1 м.) | Мугалим менен окуучунун диалогу.<br><br>Мугалим жооп берет.<br>Мугалим менен окуучунун диалогу:<br>Мугалим жооп берет.<br>-Ал көргөнүң мышык эмес,ак илбирс,<br>Ийкемине ,көркөмүнө көз жеткис.<br>Ак илбирсти алп тоолорго жашырган,<br>Жараткандын мыйзамы бар кол тийгис..<br><br>-Бул эмне экен? | Окуучу суроо берет:<br>-Көрдүм, эже, сыналгыдан кызыкты,<br>Аябай чоң , сулуу, жумшак мышыкты.<br>Бийик тоодо жалгыз жашап жүрүптүр,<br>Чоң мышыкка тоодо жашоо кызыкпы?<br><br>-Ак илбирс | НК1 | ПК1 | Азамат! |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 | **7-кадам Сабактын темасын атоо, максатын түшүндүрүү** (3 м.) | Мугалим сабактын темасын атап,максатын түшүндүрөт. | Кунт коюп угушат. Жооп беришет. Дептерге числону,теманы жазып алышат. | НК1<br>НК3 | ПК2 | |
| 9 | **Слайд №7 8-кадам: Маалыматты кабылдоого даярдоо** | Сөздүк менен иштөө : Көмөкөй- ооз көңдөйүндөгү кичине тил менен таңдайдын ортосу. Сөздүн маанисин түшүндүрүү | Угушат,дептерге жазып алышат. | | | |
| 10 | **9-кадам Слайд №8 Видео менен таанышуу**<br>(5м.) | Мугалим балдардын көңүлүн видеого бурат.Жакшылап көңүл бөлүп көрүүсүн жана кунт коюп угушун өтүнөт. | Көңүл бөлүп көрүшөт,угушат. | НК1<br>НК2<br>НК3 | ПК1<br>ПК2<br>ПК3 | |
| 11 | **Эс алуу көнүгүүсү**<br>(2 м.)<br>**Слайд №9** | Мугалим темага байланыштуу ыр айттырып,көнүгүү жасатат. Музыка менен коштолот. | Окуучулар аткарышат. | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 12 | **10-кадам Калыптанды-руучу суроолор**<br><br>(3м.) | Мугалим угулган текстти калыбына келтирүү максатында ар бир топко суроолорду берет.<br>1.Ак илбирс кайда жашайт экен?<br>2.Ал кандай болот?<br>3.Ак илбирстин азыгы эмне экен?<br>4.Кайсы учурда азыктанат экен?<br>5. Канча жыл жашайт экен?<br>6.Алар кандай корголот экен? | Суроолорго ой жүгүртүп ,эстеп калуусу боюнча жооп беришет. | НК1<br>НК3 | ПК1<br>ПК3 | Туура жоопко быйтык-ча берилет |
| 13 | **11-кадам Бышыктоо Практикалык иш**<br><br>(5 м.) | Ар бир тайпага бирден тапшырма берилет.<br>1.Аралашкан сүрөттөр боюнча кластер түзгүлө.<br><br>2.Ак илбирс темасын байланыштырып геобордто иштешет.<br><br>3.Адам менен жаратылыш кантип байланышат экен схема түзүп бергиле. | Тапшырмаларды аткарышат.<br><br>Өздөрүнүн жумушун жактап беришет. | НК1<br>НК3 | ПК2<br>ПК3 | Мактоо<br><br>Быйтык-ча берүү |
| 14 | **12-кадам Сабакты жыйын-тыктоо**<br><br>(3 м.) | Мугалим балдарга өздөрү жыйынтыктап берүүсүн өтүнөт.<br>Эмнени түшүндүк?<br>Кандай жыйынтыкка келдик? | Окуучулар өздөрү жыйынтыкташат. | НК1<br>НК2<br>НК3 | ПК2<br>ПК3 | Мактоо Быйтык-ча берүү |
| 15 | **13-кадам Баалоо**<br>(2м.)<br><br>**Рефлексия**<br><br>(1м.) | Мугалим тайпадагы окуучулардын ишин баалайт.<br>Канча жаныбарды корукка киргизе алышты?<br><br>Мугалим смайликтерди даярдап койгон | Окуучулар өздөрү быйтыкчаларды санап жыйынтык-ташат.<br><br>Окуучулар смайликти көтөрүп белги берет.<br>алуу | НК2 | ПК3 | Ыраазы-чылык билди-рүү! |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 16 | **14-кадам Үй иши (1м.)** | Үйдөн илбирсти сүрөттөп кластер түзүп келүү | | | | |
| 17 | **15-кадам Сабактын аякташы** (1м.) | Мугалим окуучуларга күтүлбөгөн кубаныч даярдап койгон. Мугалим жыйынтыктайт. | Окуучулар көрүшөт,угушат. | | | |

Бишкек шаарынын Ленин районуна караштуу №90 толук эмес орто мектеби



# Сабакка өздүк анализ

ПРЕДМЕТИ: Мекен таануу

ТЕМАСЫ: АК ИЛБИРС

КЛАСС: 2-в класс

БАШТАЛГЫЧ КЛАСС МУГАЛИМИ: Осмоналиева Назира Иманпазиевна



Бишкек 2022

Бекитемин
директор: 
26.04.2022 г

**Сабакка өздүк анализ**

**Предмет : мекен таануу сабагы**

**Класс:2-в**

**Сабактын темасы :Ак илбирс**

**Сабакта койгон максаттарым:**

1. **а) билим берүүчүлүк :**

Ак илбирс жөнүндө жаңы маалымат алышат. Бишкек шаарынын символу болгон "АК илбирс" жана анын жашоо –тиричилиги менен таанышышат. Табиятта "Кызыл китепке" кирген жаныбарларды коргоо ыкмалары жана алардын мүнөздүү жашоо өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүктөрүн бышыкташат .

**б)өнүктүрүүчүлүк:**

Окуучулар маалыматты кабыл алуу көндүмдөрүн(оозеки) калыптандыра алышат. Кабыл алынган маалыматты сүйлөө кебинде колдоно алышат. Өз оюн далилдүү айта билүүгө машыгышат. Сынчыл ой жүгүртө алышат.Алган билимин практикада колдоно алышат.Жеке текст даярдап аны жактоо көндүмдөрүн арттырышат.

**в) тарбия берүүчүлүк:**

Жаратылышты сактоонун маанилүүлүгүн түшүнүп, жаратылышка аяр мамиле жасоого жана жаныбарларды коргоого тарбияланышат. Тайпаларда бири-бирин уга билгенге, сыйлоого, ынтымакта иштөөгө тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** жаңы билимдерди калыптандыруу

**Сабактын ыкмасы:** интерактивдүү

**Керектүү материалдар** : окуу куралдары, билим берүүчү видеоматериал (окуучулардын жашына жана тилдик деңгээлине ылайык), слайдтар , түстүү сүрөттөр, тапшырмалары бар карточкалар.

**Сабакты негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө багыт алып өттүм.**

**Негизги компетенттүүлүктөр:**

**Маалыматтык:**

Жаңы маалымат алышат. Адам менен курчап турган чөйрөнүн ортосундагы байланышты түшүнүшөт. Алган билимдери боюнча тыянак чыгара алышат.Курчап турган чөйрө боюнча сунуштарды киргизе алышат.Жоопкерчиликти сезе алышат.(НК1)

**Социалдык- коммуникативдик:**

Жаратылышты баалоо, урматтоо , аяр мамиле жасоо, жаныбарларды коргоо боюнча жоопкерчиликти сезе билүү.(НК2)

**Өзүн-өзү уюштуруу жана маселелерди чечүү:** -

Интернет булактарынан , китептерден маалымат издөө , текст табуу жана окуу (ата-энелердин жардамы менен). Өзүнө-өзү ишеничтүү боло алат.(НК3)

**Предметтик компетенттүүлүктөр:**

1.Таанып билүү жана суроолорду коюу.(ПК1)

2. Табияттагы кубулуштарды түшүндүрүү(ПК2)

3. Илимий тыянактарды колдонуу (ПК3)

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Кыргызстандын "Кызыл китебине" кирген сейрек кездешүүчү айрым жаныбарлар жөнүндө өзүнүн тексттин түшүнүп айтып бере алса,маалыматты түшүнүп кабыл алып , өздөрү жаратылышты, жаныбарларды коргоо боюнча тыянак чыгара алышса.

**Сабакты пландаштырууда мен төмөнкүлөргө таяндым:**

**Предметтик мазмунга**-булар сабактын максатын туура коюп алуу, балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша туура фразаларды жана терминдерди колдонуу ,окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына багыт алуу жана талкууларды туура уюштуруу.

**Коммуникациялык** –бул мугалим менен окуучунун ортосундагы мамиле, байланыш, өз ара түшүнүшүү.

**Таанып-билүүчүлүк**- бул балдардын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандыруу, окуучулардын сынчыл ой көндүмүн өнүктүрүү үчүн суроолорду жана тапшырмаларды туура берүү , предмет менен тилди туура интеграциялоо .

Окуучунун кабыл алуусуна жараша лексиканы колдонуу. Бул жерде сөздүк ишин өткөрүү(сөздүн лексикалык маанисин түшүндүрүү).

Сабак өтүүдө жагымдуу окуу чөйрөсүн түзүп алуу.

**Ишмердүүлүктүн төрт түрүн өнүктүрүү(угуу,сүйлөө, окуу жана жазуу) .**

**Сабактын структурасы сакталды.**

**1.Саламдашуу** ,учурашуу.

**2.Окуучуларды сабакка шыктандыруу** : жагымдуу маанай түзүлөт.

**3.Уюштуруу** : окуучуларды тайпаларга темага байланыштуу бөлүп алам.

**4.Сабакка чакыруу** : Жан-жаныбарлар жөнүндөгү музейден бир көрүнүш болот.

**5.Үй ишин суроо**: балдар өздөрүнүн ишин тааныштырып жакташат ,жеке иштөө ыкмасы колдонулат.

**6."Сөз куржунунун" пайдалануу**.Сөздөрдүн лексикалык маанисин кайталоо жана бышыктоо.Сөздүк иши жүргүзүлөт.

**7.Жаңы сабакка киришүү**: мугалим менен окуучунун диалогу менен башталат.

Сабактын максатын балдардын кабыл алуу жөндөмүнө жараша кыска , жеткиликтүү кылып түшүндүрүп берем.

**Жаңы теманы түшүндүрүүдө " Угам ,окуйм ,түшүнөм"-,** деген жаңы ыкманы колдоном.

Бул ыкма үч баскычтан турат.

1-баскычта:

**Окуучуларды маалыматты кабылдоого даярдоо**. Угуунун алдында илбирстин сүрөттөрүн көрүшөт. Угула турган тексттин аталышы берилет.Бул жерде сөздүк иши жүргүзүлөт.Жаңы сөздүн лексикалык мааниси түшүндүрүлөт.

2-баскычта:

**Маалыматты кабылдоо** . Бул баскычта окуучулар ак илбирс жөнүндө видео көрүшөт, жаңы маалымат алышат.

**8.Темага байланыштуу эс алуу көнүгүүсү аткарылат.**

**3- баскычта:**

**Маалымат менен иштөө.** Видеодогу илимий тексттин мазмуну боюнча ыкчам суроолор берилет. Окуучулар эстеп калуу жөндөмдүүлүгүнө таянып жооп беришет.

Практикалык ишти аткаруу: Темага байланыштуу кластер түзүшөт.Адам менен жаратылыштын байланышын схемада көргөзүп беришет. Геоборддо ак илбирс темасын байланыштырып иштешет. Бул тапшырмалар окуучулардын калыптанган көндүмүнө таянуу менен аткарылат.Скаффолдингди пайдаланам.

**11.Сабакты жыйынтыктоодо** окуучулардын өздөрүнүн ой жүгүртүү көндүмдөрүнө таянуу.Күтүлүүчү натыйжага басым жасоо.

**12.Формативдик жана баа коюп баалоо.**

**13.Рефлексия (быйтыкчалар).**

**14 Үй ишин берүү.**

**15 Сабактын аякташы жагымдуу маанай менен бүтөт.**

**Сабактын жыйынтыгы:**

Сабакта балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ,жөндөмдүүлүгүнө ,кызыгуусуна карап темaны ачып бердим.

Сабакты өтүүдө интерактивдүү ыкманы колдондум.

Сабактын жүрүшүндө окуучулардын ишмердүүлүктөрүн уюштурдум,кызыгууларын арттырдым.

Сабак максатына жетти.

Көңүл бурганыңыздарга чоң ырахмат!